| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>БАЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЕТОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин VIII чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз IX сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**28-июль 2025-жыл** **№9/4** **Баетов айылы**

**Баетов айыл аймагындагы бадачылардын жайлоодон күзгү көчүп келүү графигин (мерчем) бекитүү жөнүндө.**

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап, депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин кезексиз IX -сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Баетов айыл аймагындагы бадачылардын жайлоодон күзгү көчүп келүү графиги 2025-жылдын 1-октябрына бекитилсин.

**2.** Өз мөөнөтүнөн эрте көчүп келген, мөөнөтүндө алыскы жайлоого көчпөгөн бадачыларга мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**3.** Жакынкы жайлоолордо калып калган бадачыларга, айыл ичинде жүргөн жана орто бөксөдө калып калган малдардын ээлерине мыйзам чегинде айып пул салынсын, тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**4.** Токтомду аткарууга алуу Баетов айыл өкмөт башчысына тапшырылсын.

**5.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**

Жиберилди: Баетов айыл өкмөтүнө, иш кагазына